УДК 373.2

***Боржуева А., Аман кызы Б.***
*Боржуева А. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Аман кызы Б. – п.и.к., доцент, С. Нааматов атындагы НМУ*

# БАЛДАР АДАБИЯТЫНДАГЫ ЧЫГАРМАЛАР АРКЫЛУУ БАЛДАРДЫН РУХАНИЙ МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

# ФОРМИРОВАНИЕ ДУХОВНОЙ КУЛЬТУРЫ ДЕТЕЙ ЧЕРЕЗ ПРОИЗВЕДЕНИЯ ДЕТСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ

# FORMATION OF CHILDREN'S SPIRITUAL CULTURE THROUGH WORKS OF CHILDREN'S LITERATURE

***Аннотация:*** *Макалада мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы таалим-тарбия алып жаткан балдардын кыргыз адабиятындагы балдар бөлүмүнүн чыгармалары аркылуу алардын адеп-ахлактын баалуулуктарын өстүрүү маселелери каралды.*

***Аннотация****: В статье рассмотрены проблемы развития нравственных ценностей детей, получающих образование в дошкольных образовательных организациях, через работы детского отделения кыргызской литературы.*

***Summary:*** *In the article, the problems of developing moral values of children receiving education in preschool educational organizations through the works of the children's department in Kyrgyz literature were discussed.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *балдар адабияты, тарбиялоо, адеп-ахлак, руханий тарбия, жүрүмтурум.*

***Ключевые слова:*** *детская литература, воспитание, мораль, духовное воспитание, поведение.*

***Key words:*** *children's literature, education, morality, spiritual education, behavior.*

Адабият аркылуу бала курчап турган дүйнөнү гана эмес, бул дүйнөдөгү өзүн да, адамдардын ортосундагы коомдук мамилелердин чөйрөсүн, жашоонун адеп-ахлактык негиздерин үйрөнөт. Жакшылык менен жамандыкты, ар-намыс менен адилеттикти, чындык менен калпты түшүнүүгө көптөгөн көркөм чыгармалардын кагылышуусу жардам берет.

Окуу процессинде адабий чыгармалар балдарга адамдын ар кандай эмоционалдык абалын жана анын иш-аракетинин мотивдерин түшүнүүгө жакындан жардам берет. Алардын таасири менен баланын эмоционалдык чөйрөсү өнүгөт. Анын адабий чыгармалардын каармандарына эмпатияда болуу, алар менен бирге кубануу жана кайгыруу жөндөмү өнүгөт. Балдар менен иштөөдө, алардын руханий жан дүйносүн калыптандырууда көркөм адабияттык материалдарга кайрылуу өзгөчө мааниге ээ. Бала бакча тарбиячылары ырлар, накыл сөздөрдүн негизинде балага коомдун жана жаратылыштын өзгөчөлүктөрүн, адамдардын жан дүйнөсүн эң сонун ачып берип түшүндүрүү аракеттерин жасап келишкен. Көркөм адабият баланын ой жүгүртүүсүн, фантазиясын өнүктүрөт, анын сезимдерин байытат.

Мектепке чейинки курактагы балдардын адеп-ахлак маселесин чечүүдө балдардын көркөм адабияты чоң роль ойнойт.

Балдар үчүн көркөм окуу жана аңгеме айтуу жаатында мугалиминин идеяларын өнүктүрүүнү улантуу менен балдардын көркөм адабият менен таанышуусу үчүн иш-аракеттердин бир нече түрүн көрсөтөт, алар:

 чакан көркөм чыгарманы өзүнчө окуу же кайра айтып
берүү;  бир темага бириктирилген бир нече
чыгармаларды окуу;  музыка менен айкалыштырып
окуу ж.б. [4, 133-б.].

Балдардын көркөм адабияттагы чыгармаларды окууга берилгендик менен киришине жогорудагы окумуштуунун тыянагы туура жана ыңгайлуу учурду уюштурууга көмөкчү болот. Андыктан балдарга ар түрдүү жанрдагы жана темадагыкитептерди чексиз пайдаланууга болот. Ал эми педагогика илимдеринин доктору, профессор А. Муратовдун пикирине таяна турган болсок: «Мектеп жашына чейинки балдар үчүн адабият жаратууда эң негизги нерселердин бири – алардын лексикалык байлыгы, бөбөктөр адабияты дал ушул кезде балдардын сөздүк запастарын көбөйтүү үчүн да, аларды тарбиялоо үчүн да, жанагы толгон-токой суроолоруна аздыр-көптүр жооп алуу үчүн да керек. Эгерде кайсыл бир ата-эне баланы дал ушул кезде сөз өнөрү менен тарбияласа, ал ошол баласынын келечекте жакшы адам болоруна ишене берсе болот, кокус ал жылдарды адабиятсыз өткөрүп ийсе, кийин анын ордун толтуруу өтө кыйын болуп калат, а түгүл мүмкүн да эмес» [3, 13-б.]. Педагог – окумуштуу көркөм адабият белгилүү бир шарттарда балдардын чыгармачылык, коммуникативдик жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзө тургандыгын белгилеген.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында, бала бакчаларда көркөм адабиятка баланы кызыктыруунун мааниси өзгөчө. Көркөм адабият балдардын руханий тарбиялоого калыптоонун бирден бир формасы. Адамзаттын тарыхында анын прогресске жетишүүсүндө инсандын руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсүндө жана дене тарбиясында адабий билим берүүнүн ролу чоң. Андыктан бала бакчаларында бул предметти окутууну жаңы шарттарга ылайык модернизациялоо жана анын заманбап технологияларын иштеп чыгып сунуштоо учурдагы актуалдуу маселелерден болуп саналат. Мындай жол мене ниш алып барууга орустун педагогдору жана окумуштуулары (Т.Ю. Сентюрова, Г.М. Пантелеева) кенен жана ар тараптуу кайрылышкан.

Дегеле мектепке чейинки мекемелерде көркөм адабияттык чыгармаларды үйрөтүүдө алгач балдар үчүн бир топ кыйынчылыктар, татаалдыктар пайда болот. Ошондой учурларда балдарды алгач уюштуруу учурунда дидактикалык оюндарды ойнотуп көрүү аркылуу алардын арасындагы шамдагайлыгын жана жөндөмдүүлүгүн аныктоого болот. Буга мисал ирээтинде биз «Өз атыңды чогулт» оюнун өткөрүп көрүүнү туура көрдүк. Оюндун шарты төмөндөгүдөй:

Оюнчулар таза барак алып, анын бетин алтыга бөлүп сызат. Алты бөлүктүн ар бирине өз атын мүмкүн болушунча түрдүү өзгөчөлөнтүп жазып, баракты сызылган чеги боюнча алтыга бөлүп кыркып (жыртып), баарын кылдат бүктөйт. Уюштуруучу бүктөлгөн баракчаларды жыйнап, аралаштырат. Алып баруучунун уруксаты менен катышуучулар аралаштырылган барактардын арасынан алтыдан алат. Берилген белги боюнча баары бир мезгилде алган баракчаларын алып окушат. Албетте, колундагы баракчалардын ичинде өз аты жазылган болушу мүмкүн, бирок көбүнчө башка шериктеринин ысымы жазылган баракчалар болот. Эми катышуучулардын аткара турган иши – өз аты жазылган баракчаларды, эгер кимдин колунда болсо, ошолор менен келишип, чогултуп чыгуу. Колундагы башка баракчаларды ордуна башкасын алмайынча берүүгө болбойт. Ким биринчи өз аты жазылган алты баракчаны чогултса, ошол – жеңүүчү [1, 293-294-б.].

Балдарга көркөм адабияттын чыгармалары аркылуу руханий жактан тарбия берүүгө багытталгандыктан, аларга окулуп-үйрөтүлүүчү материалдар дидактикалык

ыраатуулукта сунушталганы эң негизги маселе. Себеби, дидактикалык жомокту колдонуу аркылуу баланын эмоционалдык чыңалуусун, толкундануу абалын, тынчсызданyусун, өзүнө жана башкаларга ишенбөөчүлүктү жоюуга мүмкүндүк бере тургандыгын жана өзүнө болгон ишенимге ээ болууга жардам көрсөтө тургандыгын аныктайт.

Орус элинин белгилүү педагогу В.А. Сухомлинский белгилегендей «Эгер бала кичинесинен китепти сүйүүгө тарбияланбаса, эгер окуу ага айланбас өмүр бою руханий муктаждык – өспүрүм курактагы өспүрүмдүн жан дүйнөсү бош болот, «Кудайдын» нуру жок жерден жамандык келгендей сойлоп чыгат». Бул адилеттүү пикир. Андыктан, жаш муундарды руханийадептик жактан тарбиялоо – азыркы учурда билим берүү системасындагы эң приоритеттүү багыттардын бири болуп эсептелет.

Акыркы бир нече жылдын ичинде ааламдашуу заманында биздин өлкөдө чоң өзгөрүүлөр болду. Маалыматтык жана компьютердик технологиялардын өнүгүшү акырындык менен жашообуздагы китептерди алмаштырууга жол ачты. Ата-энелер баласын көркөм адабият окууга тартуунун маанилүүлүгүн түшүнбөй, китеп окууга тийиштүү көңүл бурушпайт калышты. Заманбап балдар көбүнчө телевизордон мультфильм көрүү менен алек же бош убактысын компьютерде өткөрүшөт. Балдардын китепке болгон кызыгуусу жок. Алар адамдын жашоосунда китептин мааниси жөнүндө эч кандай түшүнүгү жок. Ал эми, эреже катары, балдардын сөз байлыгы начар, жомок айтуу жөндөмү начар.

Мектепке чейинки куракгагы балдарды руханий-адептик жактан тарбиялоо көйгөйлөрү ар дайым педагог психологдорунун көңүл борборунда болуп келген. В.А.Сухомлинский, Н.С.Карпинская, Л.Н.Стрелкова жана башкалар сыяктуу көрүнүктүү педагогдор мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде руханий-адептик тарбияны ишке ашыруунун эң эффективдүү жолдорун жана каражаттарын издешип, бул багытта бир катар эмгектерин жазып калтырышкан. Педагогикадагы руханий-адептик тарбия – бул адамдын туруктуу, гармониялуу өнүгүшүн камсыз кылуучу жана жоопкерчилик сезимин, адилеттүүлүктү, жоопкерчиликти жана башка сапаттарды тарбиялоону камтыган жашоого баалуулукка негизделген мамилени калыптандыруу катары каралуучу маселе.

Кыргыз балдар адабиятынын тарбиялык ролун окумуштуу-адабиятчылар жана педагогдор К. Абакиров, О. Соороноv, С. Рысбаев, Г. Орозова А. Саттарова, К. Сейдекулова ж.б. ар кандай өңүттөн талдоого алып, эмгектерди жазышкан. Көптөгөн белгилүү методист-окумуштуулар изилдөөлөрүндө ар тараптуу жана кенен ачып берүүгө умтулушкан. Балдар китептери менен иштөөгө олуттуу көңүл бурган окумуштуу, педагогика илимдеринин доктору, профессор бири Магрифа Рахимова болгон. Ал көркөм аңгемелешүү аркылуу руханий тарбия берүү балдарга жалпы билим берүүнүн эң маанилүү бөлүгү экендигин таамай жана далилдүү белгилеген. М.Рахимованын балдар менен иштөө тажрыйбасы “Мектепке чейинки мекемелердеги тирүү сөз” деген аталыштагы окуу куралында чагылдырылган.

Алгач балдарга жомок окуунун маанилүүлүгүн окуучулардын ата-энелерине жеткирүү зарыл. Алардын жан дүйнөсүнө жакын чыгармалар (табышмак, жаңылмач, калптар, тамсил, жомок ж.б) бала менен ата-эне бири-бири менен жана китеп менен баарлашууга даяр болгондо, же болбосо алардын уктаар алдындагы убакытта окуу үчүн колдонуу жакшы таасирлерди берет. Бул убакта корогон убакыт пайдалуу жана бир аз убакыт талап кылынат. Бала жомокту угуп жатып, болуп жаткан окуяларды, каармандарды, алардын сырткы көрүнүшүн, кийимин, өзүн кандай алып жүргөнүн

образдуу элестетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот жана кыялданат. Ошол эле учурда бала өзүн алардын ордуна коюуугат. Мунун аркасында анын фантазиясы өнүгөт. Мындай ыкманы пайдалануу баланын жан дүйнөсүнө ар тараптуу таасир берет жана бул абдан маанилүү процесс. Окуялардын жүрүшүндө бала башына мүшкүл түшкөн баатырларга кабатырланып, баары жакшы бүтсө алар үчүн кубанат. Бала баатырлардын жүрүм-турумун баамдап, эмне жакшы, эмне жаман экенин өзү чечет жана берилген турмуштук кырдаалда өзүн кандай алып жүрүүнү чыгармалардагы каармандардан үлгү алганга умтулат. Ал аркылуу бала өзүнө идеалдуу образды түзөт жана тандап алат. Дүйнө элдеринин балдарга арналган чыгармаларындагы оң каармандар эреже катары, бул адабий чыгарманын күчтүү, эр жүрөк жана боорукер персонажы болуп эсептелет.

Балдарга жаштайынан эле элдик оозеки чыгармачылыкка, поэзияга карата оң көз караштьы калыптандыруу, поэзияны эмоционалдуу кабылдоого, поэтикалык тексттердин мазмунун түшүнүүгө багыттап окутуу өз кезегинде эффективдүү натыйжасын берет. Адамдардын бала кезинде китеп чоң роль ойнойт. Анын аркасы менен балдар адептүүлүктүн үлгүлөрүн үйрөнүшөт, жакшы менен жаманды айырмалай алышат; Акыркы убакта ата-энелер, мугалимдер, ошондой эле балдар жазуучулары китептерди жазууда балдарга жана жаштарга карата тарбиялык маанисин жогорулатуу жолдорун ар тараптуу издеп келишет.

Балдардын көркөм адабият менен тааныштыруу процессинде окуучуларды адеп-ахлактык жактан тарбиялоо жаатында жогорку натыйжалуулукка жетишүү үчүн белгилүү шарттарды аткаруу зарыл:

- китеп менен иштөөнүн ар кандай ыкмаларын жана формаларын колдонуу;
- кенже мектеп окуучуларын балдардын көркөм адабияты менен тааныштыруу боюнча үзгүлтүксүз иштерди жүргүзүү;
- балдардын жеке жана жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен туура көркөм адабиятты тан-

доо [2, с. 54];

Окуу жана талдоо үчүн мугалимдин көркөм чыгарманы тандоосу балдардын кызыгуусун ойготуп, алардын адеп-ахлактык маданиятын өнүктүрүүгө салым кошо тургандай болушу максатка ылайык.

Мунун өзү балдарды руханий-адептик тарбиялоонун эффективдүү ыкмасы болуп саналат. Мындай маселелерди чечүү процессинде балдар адабий каармандардын иш-аракеттери жөнүндө ой жүгүрткөндө өздөрү билген адеп-ахлактык түшүнүктөрдү да кошо колдонуп, аларга карата жеке мамилесин билдирүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушат.

Биздин оюбузча, балдар көркөм адабияты мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиялануучуларынан тартып кенже мектеп окуучуларынын рухий-адептик сапаттарын калыптандырууда эбегейсиз зор тарбиялык мааниге ээ демекчибиз.

**Адабияттар:**

1. Муратов А., Акматов К. Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаны технологиялары. –Б.; 2022. 293-294-б
2. Кутьева Н. Д. Литература в начальной школе. — М., 1993. С-54
3. Муратов А. К.Исаков. Кыргыз балдар адабияты. . – Б.: 2012. 13-б
4. Рахимова, М.Р. Кыргыз жазуучулары балдарга: Хрестоматия. – Ф.: Мектеп, 1986. – 133 б.